Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана колдонуусу (XIX к. аягы XX к. башы). темада тарых илимдеринин кандидаты (шифр-07.00.07 -этнография, этнология жана антропология) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

## ПИКИР

А.М.Абдиеванын илимий изилдөө объектиси жана предмети катары тандап алган темасы – кыргыздардын салттуу коомдо өзүлөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү таануусу жана аларды турмуш тиричиликте пайдалануусу - азыркы мезгилдеги эң актуалдуу жана алигиче кыргыз этнология илиминде өз алдынча изилдене элек илимий проблема болуп эсептелет. Тездик менен өнүгүп-өсүп жаткан илимий-техникалык прогресс этностордун салттуу коомдогу пайдаланып келинген ар кандай салттуу билимдин натыйжаларын сыртка сүрүп чыгарып жатат. Салттуу билимдин рационалдуу жактарын пайдалануу жана кыргыз этносунун мындан жүз-эки жүз жылдары да, өзүлөрү курчап турган чөйрөнү, анын ичине өсүмдүктөрдү түзүк тааныгандыгы, аларды өзүлөрүнүн турмуш-тиричилигинде пайдалана билүүсү, алардын социалдык өнүгүүсүнүн бир көрүнүшү болуп эсептелет.

Салттуу коомдо кыргыздар курчап турган өсүмдүктөрдү абдан жакшы таанышкан жана аларды, тамак-аш, дары, малдарды дарылооого, турмуш-тиричилик буюмдары, сулуулук каражаты катары диний ар-кандай ишенүүлөргө ж.б.көптөгөн жашоо чөйрөсүндө пайдаланышкан. Азыр бул жүрүм акырындык менен кыргыздардын жашоо-тиричилигенен чыгып кетип жатат. Ошондуктан, азыр ушул коюлган проблеманы жакшы билген кары адамдардан алып калуу жана илимий айлампага киргизүү этнографтардын милдеттеринин бири болуп саналат.

А.М.Абдиева Фергана өрөөнүнүн түштүк батышында жашаган кыргыздардын мисалында (Баткен облусу. Кадамжай, Баткен жана Лейлек аймактары жана Сүлүктү шаары) жергиликтүү элдин салттуу коомдо,

өздөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды турмуш - тиричилигинде пайдалануусу илимий изилдөөнүн предмети болуп саналат.

А.М.Абдиеванын илимий изилдөөсүнүн негизин өзү, он жылдан ашык мезгилде чогултkan этнографиялык талаа материалдары түзөт. Автор жаз келгенден баштап, кеч күзгө чейин, жогоруда каралган райондордо элден интервью алып, алар менен кошо тоолорго чыгып ар кандай өсүмдүктөрдү терип, күзүндө өсүмдүктөрдүн гүлүн тандап алууга, андан кийин аларды кургатууга, пайдаланууга даярдаган жүрүмдү өзү тикеден-тике катышып, бардыгын өз башынан өткөрдү.Бул илимий иш ушунусу менен баалуу. Анын үстүнө А.М.Абдиева көтөргөн маселе мурун-кийин эч бир этнограф окумуштуу тарабынан атайын изилденген эмес.

Автор коюлган илимий маселени жакшы аңдан чыккан жана жана ага илимий түшүнүк берген. Алдына койгон маселени чече билген.

А.М.Абдиеванын илимий жетишкендиктеринин бири, ал салттуу коомдо пайдаланылган өсүмдүктөрдүн, андан пайдаланылган буюмдардын сүрөтүн тартып, атайын Тиркеме даярдады. Аларды кийинки окумуштуулар да пайдаланса болот. Андан сырткары кээ бир өсүмдүктөрдөн пайдаланылган турмуш-тиричилик буюмдарды таап чыккандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы патент агентствосунан, патент алууга укук алды. Бул жемиштүү илимий ийгилик.

Абдиева А.М. кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX к. аягы - XX к. башы). аттуу темадагы изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиянын мындай илимий иштерине болгон талабына толугу менен жооп берет жана автор тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына алууга укуктуу. Ишти илимий кеңеште коргоого сунуш берем.

**Илимий жетекчи, академик** **А.Асанканов**

ОК: Габибуллаева А.Я. А.А. Асанкановдун колун тастыктайм.
13.01.2025.